**«МАКУЛДАШЫЛГАН»**
Аккредитациялык Кеңештин
төрагасы Сарбанов С.Т.

Протокол № 9
04.07.2024-ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
Директор Кошоева Б.Б.

Буйрук №2/008
04.07.2024-ж.

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО ҮЧҮН ТЫШКЫ БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

| № | Критерийлери | Шайкештиктик индикаторлору (көрсөткүчү) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Шайкеш келбейт** | **Жарым-жартылай шайкеш келет** | **Шайкеш келет** |
| | ***1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты*** | | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу. | Ички актылар көрсөтүлгөн эмес же билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарына шайкеш келбейт. | Ички актылар жарым-жартылай көрсөтүлгөн. Билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарына жарым-жартылай шайкеш келбейт. | Ички актылар толугу менен көрсөтүлгөн. Билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарына толугу менен шайкеш келет. |
| 1.2. | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана жыл сайын өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландарынын болушу. | Билим берүү уюмунун миссиясы эч жерде көрсөтүлгөн эмес. Учурдагы пландар түзүлгөнү менен билим берүү уюмунун стратегиялык планы жок. | Билим берүү уюмунун миссиясы билим берүү уюмунун Уставында жана /же бекитилген стратегиялык планда көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана аларга жетүү планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. Билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн стратегиялык пландарын талкуулоо жана макулдашуу процессине эч кандай далил жок. Учурдагы пландар стратегиялык максаттарга дал келбейт. Максаттарга жетүүгө мониторинг (талдоо) жүргүзүү жана баалоо механизмдери жок. | Билим берүү уюмунун миссиясы билим берүү уюмунун Уставында жана бекитилген стратегиялык планда көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана индикаторлор, ошондой эле аларга жетүү планы да иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. Билим берүү программасынын максаттары жана өнүгүү пландары кызыкдар тараптар менен талкууланды. Стратегиялык пландарды деталдаштыруу жыл сайын учурдагы пландарда көрсөтүлгөн. |
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыз | Түзүмдөр жок, алардын | Ишмердиги билим берүүнүн | Билим берүү уюмунда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кылуу саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын / түзүмдөрдүн болушу. | бар экендигин жана ишмердигин далил турган база жок. | сапатын камсыз кылууга багытталган методикалык жана башкаруу түзүмдөрү бар. | сапатты камсыздоо системасы методикалык жана башкаруу түзүмдөрүн камтыйт, алардын ишмердиги локалдык актылар менен регламенттелген, билим берүү сапатын камсыздоо боюнча маселелер конкреттештирилген. Жооптуу адамдардын функционалдык милдеттерине пландаштыруу, көзөмөлдөө жана билим берүү уюмунун билим берүү сапатын талдоо функциялары кирет. Сапатты камсыздоочу программанын (СКПтун) аткарылышы боюнча тиешелүү адамдардын жана түзүмдөрдүн отчеттору жана протоколдору көрсөтүлгөн. |
| 1.4. | Кызматкерлердин жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу ,аларды сактоо (билимдин жана инсандын баалуулуктарын, маданий көп түрдүүлүктү колдогон уюштуруу маданиятынын калыптанышы). | Далил жок | - | Жамаат тарабынан этикалык нормалар жана эрежелер кабыл алынган жана сакталат, билим берүү уюмунун баалуулуктары, салттары жана тартиби белгиленген, бул маданиятты жана баалуулуктарды өнүктүрүү боюнча максаттуу ишмердиги жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет. |
| 1.5. | Баалоо жүргүзүүнүн, ишти уюштурууну пландоонун, ошондой | Мониторинг менен баалоо жол-жоболору жана | Коопсуздук чөйрөсүн мониторинг жүргүзүүнүн | Коопсуздук чөйрөсүн мониторинг жүргүзүүнүн |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүүнүн механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу. | механизмдери жок. | жол-жоболору жана механизмдери иштелип чыккан жана бекитилген. Мониторинг/баалоо 5 жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлүп турат. Коопсуздук чөйрөсүнүн абалын жакшыртуу боюнча план бар. | жол-жоболору жана механизмдери иштелип чыккан жана бекитилген. Мониторинг/баалоо баалоо 5 жылда 2 жолудан кем эмес жүргүзүлөт, жыйынтыгы планда чагылдырылган ,бир нече параметрлер боюнча коопсуздук чөйрөсүнүн абалынын өзгөрүшү бар. |
| 1.6. | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тийиштүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу. | Механизмдер же маалыматтар жок. | Билим берүү мекемеси тарабынан чечимдерди кабыл алуу механизмдери кызыкдар тараптарды тартуу менен жана маалыматтарды талдоонун негизинде иштелип чыккан. Акыркы 5 жыл ичиндеги маалыматтарды талдоого негизделген кызыкдар тараптардын катышуусу менен чечим кабыл алуу практикасы үчүн эч кандай далил базасы жок. | Билим берүү мекемеси тарабынан чечимдерди кабыл алуу механизмдери кызыкдар тараптарды тартуу менен жана маалыматтарды талдоонун негизинде иштелип чыккан. Кызыкдар тараптарды тартуу менен жана акыркы 5 жылдагы маалыматтарды талдоонун негизинде чечимдерди кабыл алуунун эффективдүү практикасы бар. |
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу. | Билим берүү уюмунда уюмдун ишмердиги тууралуу өзүнчө маалыматтар бар. Маалыматтарды талдоо отчетторду түзүүдө жүргүзүлөт. Вебсайт жок. | Билим берүү уюмда маалымат системасы бар, жарым-жартылай электрондук түрдө. Билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча ар жылы пландаштыруу үчүн маалыматтар чогултулат, сакталат, талданат. Билим берүү уюмунун эффективдүүлүгүнүн | Билим берүү уюмунда маалыматтык системанын электрондук түрү бар. Маалыматты чогултуу, иштетүү, киргизүү жана талдоо үчүн жооптуу адамдар бар. Билим берүү уюмдун жылдык өзүн-өзү баалоосу жана билим берүү уюмдун өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрүн пландаштыруу үчүн |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | негизги көрсөткүч системасы өнүгүүнүн стратегиялык планында чагылдырылган.<br>Веб сайт бар, электрондук почта активдүү колдонулат. | маалыматтар чогултулат, сакталат, талданат.<br>Билим берүү уюмунун эффективдүүлүгүнүн негизги көрсөткүч системасы өнүгүүнүн стратегиялык планында чагылдырылган. Ата-энелердин жана окуучулардын сурамжылоолору муктаждыктардын канааттандырылышын, контингент санынын маалыматтарын жана сабактагы жетишкендик көрсөткүчтөрүн ж.б. баалоо үчүн колдонулат.<br>Билим берүү мекемесинин иштеп жаткан жана жаңыланган веб-сайты же баракчасы бар. |
| ***2. Кадр саясаты*** | | | | |
| 2.1. | Педагогикалык, администрациялык, окуу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды ишке кабыл алуунун (бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу. | Маалымат жок. | - | Жумушка кабыл алуу жол-жоболору эмгек мыйзамдарына карама-каршы келбейт, эмгекти коргоо нормалары, жумуш убактысы, кызматкерлердин социалдык жактан корголушу сакталган, кызматкерлерден даттануулар жок. |
| 2.2. | Штаттардын толукталышынын, педагогикалык | Билим берүү уюмунун штаты толук эмес же квалификацияга | - | Педагогикалык жана окуу-көмөкчү кызматкерлер |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кызматкерлердин квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына дал келиши. | жана/же билим берүү талаптарына дал келбестиктер бар/маалыматтар жок. | | курамы квалификациясына жана билимине карата талаптарга ылайык толугу менен камсыздалган. |
| 2.3. | Камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу психологиялык коопсуз чөйрө, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоо, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуу. | Жол-жоболор же маалыматтар жок. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылган механизмдери жана жол-жоболору бар. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылган механизмдери жана жол-жоболору белгиленген, ошондой эле**,** билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоо, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуу боюнча далилидер бар. |
| 2.4. | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алууну камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу. | Жол-жоболор же маалыматтар жок. | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону камсыз кылуучу механизмдер жана жол-жоболор бекитилген. Чечимдер системалуу түрдө кабыл алынбайт. | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону камсыз кылуучу механизм аракеттери жана жол-жоболору бекитилген жана далилдер бар.Баалоо жылда жүргүзүлөт. Анын жыйынтыгы боюнча сыйлыктар бөлүштүрүлөт, кошумча төлөмдөр ж.б. жүргүзүлөт.Тийиштүү чечимдердин протоколдору бар. Чечимдер персоналдын бардык категорияларынын салымын эске алуу менен кабыл алынат. |
| | ***3. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстар*** | | | |
| 3.1. | Билим берүү процессинин | Окуу имараты авариялык | Окуу имараттары жана | Окуу имараттары жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал, акт залы, медпункт, ашкана), ошондой эле жатаканалардын (эгерде бар болсо) тиешелүү жашоо шарттары менен болушу. | абалда / Материалдык ресурстар жетишсиз / маалымат жок. | жайлар канааттандырарлык абалда. Материалдык ресурстар жетишсиз, бирок акыркы жылдары оң динамика байкалууда. | жайлар канааттандырарлык абалда, камсыздоо, сандык, сапаттык жана жеткиликтүүлүк көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусу байкалууда. |
| 3.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун эрежелери). | Дал келгендик/ маалымат жок. | - | Коопсуздук талаптарына толук шайкеш келет. |
| 3.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу. | Механизмдер жок / маалыматтар жок. | МТБ жана маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча талдоо жана пландар бар. | МТБ жана маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча талдоо жана пландар бар.<br>Өзгөрүүлөрдү көрсөтүү үчүн маалыматтар берилген. |
| | ***4. Каржы ресурстарын башкаруу*** | | | |
| 4.1. | Финансылык пландаштыруу тутумунун болушу. | Системалар жок / маалыматтар жок. | Билим берүү уюмдун оперативдүү пландаштыруу ресурстарын камсыздоо боюнча каржылык планы | Стратегиялык жана оперативдүү пландаштыруу бөлүгү катары, билим берүү уюмдун ресурстарын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жана пландык көрсөткөчтөрү бар. Түшкөн каражаттар жана чыгымдар, анын ичинде кошумча каражат ресурстары боюнча пландар бар. | камсыздоо боюнча каржылык планы жана пландык көрсөткөчтөрү бар. Түшкөн каражаттар жана чыгымдар, анын ичинде кошумча каражат ресурстары боюнча артыкчылыктар аныкталган, болжолдоо жүргүзүлүп турат. |
| 4.2. | Кошумча финансылык ресурстарды тартуунун, бөлүштүрүүнүн жана отчеттуулуктун ачык-айкын механизмдеринин болушу. | Белгиленген эмес/жок. | (Камкорчулар кеңеши, комиссия, бюджеттер боюнча ачык угуулар, муктаждыктарды баалоо ж.б.) Сыяктуу кошумча каржылык ресурстарды тартуунун, бөлүштүрүүнүн жана отчеттуулуктун бекитилген механизмдери бар | Кошумча финансылык ресурстарды тартуунун, бөлүштүрүүнүн жана отчеттуулуктун бекитилген механизмдери бар. Киреше жана чыгаша, мониторинг жана отчеттуулук, ачык талкуулар ж.б.у.с документацияларды бар. |
| 4.3 | Финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу  баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу. | Белгиленген эмес/жок. | Өткөн жылдын маалыматтары жана анализдери берилген, билим берүү уюмдарды каржылоону жакшыртуу боюнча пландар аныкталган. | Муктаждыктарды баалоо, кайтарым байланыш механизмдери, сурамжылоо, каржылоонун жана муктаждыктардын дал келүүсүн талдоо, мүмкүн болуучу булактарды баалоо жана болжолдоо, инвестицияларды тартуу сыяктуу тиешелүү механизмдер үзгүлтүксүз колдонулат. |

## Институционалдык аккредитациялоодо минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынды таблица

| | Минималдуу талаптар | Бардык критерийлер | Шайкеш келет | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келбейт | Аткарылууда/ аткарылган эмес |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты | 7 | 2 | 3 | 2 | Аткарылууда |
| 2 | Кадр саясаты | 4 | 1 | 1 | 2 | Аткарылган эмес |
| 3 | Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстар | 3 | 1 | 2 | 0 | Аткарылууда |
| 4 | Каржы ресурстарын башкаруу | 3 | 0 | 1 | 2 | Аткарылган эмес |